*УДК:37:377. 018. 432*

***Турусбекова А. Э.***

# БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ ДИСТТАНТЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ

***Турусбекова А. Э.***

# СОВРЕМЕННЫЕ ВОПРОСЫ ДИСТАНЦИОННОГО ОБРАЗОВАНИЯ

***A. E. Turusbekova***

# MODERNQUESTIONSOFTHE DISTANCE EDUCATION

**Аннотация:** Булстатьябүгүнкү күндөгү республикабыздагыдистанттык окутууга арналган. Практикага таянып окутуучулар жана студенттердиндистанттык окутуунун жетишкендиктери жана жолуккан көгөйлүү ойлору жөнүндө маалыматтар камтылган. Ошондой эле окутуунун бул формасын кабыл алуу менен аны жаңылык катары колдон билүү, кыйынчылыктарды жеңебилүү идеялары айтылган. Дистанттык билим алууга позитивдүү, оң маанайда кароо ойлору сунушталган.

**Негизги сөздөр:** Дистанттык окутуу, усул, көөгөйлөр, жаңы технология, интернет, электрондук почта, интеактивдүү теле берүү, телеконференция, аудио жана видео конференциялар.

**Аннотация:** Данная статья посвящена проблемам дистанционного образования и содержитинформациюоб опытеработы и достижениях студентов и преподавателей по результатам педагогической практики. Также содержатся ценные мыслио принятии, новаторскому применению и преодолению трудностейдистанционной формы обучения. Предложены убедительные обоснования позитивного, положительного рассмотрения дистанционной формы образования.

**Ключевые слова**: Дистантное обучение, методика, проблемы, новаятехнология, интернет, электронная почта, интерактивная телепередача, телеконференция, аудио жана видио конференция

**Annotation**: A global education program is acted in Kyrgyzstan. It had on the education system of a certain influence. The main content of global education and the idea of using in the classroom are reflected in this article. Also are given analysis of the teachers and students activities in the course of the lesson.

**Keywords:** Distance learning, technique, problems, new technology, the Internet, Email, interactive television program, телеконференция, Jean video audio conference.

Кыргыз эли өсүп өнүгүүгө, жаңылыктарды оңой кабыл алууга жөндөмдүү эл. Акыркы мезгилдерде билим системасында пайда болгондистанттыкокутуу формасын да тездик менен кабыл алууга жетиштик. Элибизде билим алуу, балдаргабилим берүү дегенди турмуштамилдет катары кабыл алган чындык бар. Ата - энелик парсыкатары калыптанып калган көрүнүш бул баласынокутуп, билим берүү болуп саналат. Турмушунда ар кандай жетишпегенжашоодожашаганата - энелер да балдарын мыкты билим берген окуу жайларга төлөмдөрү кымбат болгондугуна карабастанокутууга аракеттенишет. Жашоосундаөздөрү батирлерде жашаса да балдарынжогорку окуу жайларындаокуткан үй бүлөлөр көп элекездешет. Мына ушундай билим алууга ынтызар болгон, жаңылыктарды кабыл алууга жөндөмдүү болгон элибиз билим алуу майданындапайда болгон жаңылык-

дистанттыкокутууну да жакшы кабыл алышты. Билим алууга мүмкүнболгон мүмкүнчүлүктөр пайдаланыла баштады. Бул билим алуунун өзгөчөлүгү жаңы информациялык технологияны пайдаланып, билимди өз алдынча алып, бош убактысында окуп даярданууга, билимин өркүндөтүүгөжетишкендиги[1].

Дистанттык окутуу студенттер үчүн эле эмес окутуучулар үчүн да күтүлбөгүгн жанылык болду. Буга чейин окулган лекциялар тезис формасында, же ар кандай булактарданалынганмаалыматтардан туруп, лекциялар көбүнчө ооз - эки түрүндө болсо эми окутуучулар бардык маалыматтардытолугу менен кагаз бетине түшүрүүгө туура келди. Студенттердин өз алдынча иштери, практикалык сабактар жана аларды аткаруу ыкмаларыда түшүндүрмөсү менен толук жазуу формасында берүү зарылчылыгыкелип чыкты.

Дистанттык окуунун пайда болушунасерп салып көрсөк, Европада, АКШ 70-жылдардын башында өнүгүп, Россияда 90-жылдардан баштап өнүгө баштаган. 1997-жылдан башталып, Россияда экспериментке 20 жакын жогорку окуу жай катышып, дистанттык билим берүүнүн атайын усулун иштеп чыгышкан.

Дистанттык билимде маалыматтарды берүүдө көптөгөн бүгүнкү күндүн заманбап жаңы технологияларын пайдаланууга туура келет. Алсак, телефон, факс, почта, интернет, электрондук почта, интеактивдүү теле берүү, телеконференция, аудио жана видио конференциялар.

Дистанттык окутуу формасын жанылык катары кабыл алышыбыз керек. Сөзсүз жаңы нерсени баштаганда кыйынчылыктар болот. Бирок биз жалпы Кыргызстан билим алуунун ушул формасына даяр белек? Же атайын даярдыктардан өтүп, эксперимент жүргүзүп анан өтсөк кандай болот эле? Же окутуунун бул формасы шаарда жашагандар үчүн эле ачылганбы? Айыл жериндеги билимин өркүндөткүсү келгендер үчүн жок дегенде бир жогорку окуу жайында сырттан окуу формасын калтырып койсо болбойт беле? – деген түркүн студенттердин жамгырдай жааган суроосуна өз деңгээлинде эмес чектелүү менен гана жооп берүүгө туура келет. Студент мурда окутуучунун денгээлин сөз байлыгынан, теманы түшүндүрүү ыкмасы менен бааласа, эми болсо аны таанышуу үчүн резюмеси, илген лекциясы менен баалай турган болуп калды. Мындан келип бул аралыктан окутуунун жетишкендигиби же тескеризинче кемчилигиби деген суроо пайда болот[2].

Студенттердин ойлору да бул маселелер боюнча эки бөлөк. Алсак, жакшы жагы катары студенттер төмөндөгүдөй пикирлерди айтышат:

- Жакшы жагы убакыттын эркиндиги, башкача айтканда, каалаган бош убактындабилим алууга болот;
- Лекциялык маалыматтардык айталап окууга, өз алдынча иштерди жана практикалык тапшырмаларды толук изденип аткарууга мүмкүнчүлүктүн болгондугу;
- Билиминин канчалык денгээлде экендиги ачык айкын көрүнүп тургандыгы, өз билимин баалоонун ачыктыгы;
- Дистанттык билимдин жеткиликтүүлүгү-ар бир адам улутуна, кайда жашагандыгына карабастан каалаган окуу жайдан билимин ала алат;
- Окуунун кандай темпте болорун билим алуучу өзүнүн жеке мүмкүнчүлүгүнө, талабына жана милдетине каратажүргүзөалат;
- Дистанттык окуунун эркиндиги жана ийкемдүүлүк жагы – окуучу каалаган курсун тандай алат жана сабактын узактыгын, ордун өзү пландаштыра алат;

- Окуучунун кайда жашагандыгына, ден-соолугунун абалына, жашоосунун материалдык жактан камсыз болушуна карабастан социалдык жактан тең укуктуулук сакталып турат;
- Окуучу чыгармачылык менеништеп өзүнкөрсөтө алат;
- Берилген дарсттык сабактар менен эле чектелбестен, бериген адабияттарды пайдаланып терең, кенен маалыматтарды алууга мүмкүнчүлүктүн болгондугу.

Практика жүзүндө колдоно келгенде окутуучулар менен студенттер билим берүүнүн түрү болгон дистанттык окутууда кандай кыйынчылыктарга туш болгондугун төмөндөгүдөй белгилешет[3]:

- Биздин тандообузга карабастан, сырттан окуунун жоюлуп аралыктан окутуунун киргизилгендиги;
- Жалпы региондордун компьютерлер, техникалар, интернет булактары менен камсыз болуу деңгээли эске алынбагандыгы, жабдуулардын начардыгы;
- Акчанын тартыштыгынан компьютер алганга мүмкүнчүлүгү жок студенттер сессия башталганда шаарда жашаган туугандардын үйүнө келип, алардын компьютелерин пайдаланууга туура келгендигин;.
- Тестерди жасап жатканда электир жарыгы өчүп калган учурлар болот. Эч качан алдын ала эскертүү болбойт. Тестерден жетишерлик баллдарды ала албай, портал жабылып калып аябай убара болгон учурлар болгондугу;
- Студенттер билим алууда өздөрүн студенттик чөйрөдө эмес, жамааттан сырткары жалгыздыкта сезишет;
- Студенттер менен көзмө-көз көрүшүп, баарлашып, берилген суроолорго жооп берип, алардын сабакка болгон реакциясын, эмоциясын, кээ бир суроону талаш-тартыш менен чечүү, баарлашуу, башкача айтканда жеке инсандын өзгөчөлүгүнө жараша мамиле жасоо учурларынын жоктугу;
- Студенттерде билим алууда практикалык сабактардын жетишпегендиги;
- Студенттердин билим алуу деңгээлин текшерүү жетишпейт;
- Жеткиликтүү жаңы усулдук колдонмолор жана квалификациялуу кадрлар жетишпейт;
- Окуу формасы көпчүлүк учурда жазуу формасында болгондуктан, өз оюн жазуу эмес- ооз-эки формасында жакшы түшүндүрүп бергендер үчүн чектөөлөр болуп калат;
- Билимин өркүндөткүсү келген студенттердин компьютердик билиминин денгээли менен эсептешкен жок жана алдын ала даярдык, эл арасында түшүндүрүү болгон жок. «Окусаң оку, окубасан кой, өзпроблемаңдыөзүң чечдегендей эле болду» - дешеткээбирстуденттер[4,5].

Дистанттык окутуу аралашкан ар бир окуучу жана окутуучу алдыбызда жолуккан проблемаларыбыз жөнүндө айтып жатабыз. Ал жолуккан кыйынчылык же ийгилигибиздин артында эмне тургандыгын толук баалоого мүмкүнчүлүгүбүз жетишпей жатат. Ушундан келип эл арасында айтылып жүргөн бир уламыш эске түшөт. Бир акылман төрт адамды бир чон имараттын төрт жагына барып: «Көрүп турган имараттын силерге көрүнгөн жаган сүрөттөп келгиле» - деп тапшырма берет. Ошондо алдынан көргөн адам бул имарат кереметтүү кооз экендигин, бирок гүлдөрдөн башка эчнерсе жок экендигин айтат, ал эми түндүк жагынан караган адам имараттын жанынан суу агып өтөрүн, суунун эч пайдасы жок экендигин, ал эми түштүк жагынан караган адам имараттын бул жагында чоң бакча бар

экендигин, жер жемиши жок, аккан суу да жок, гүл да өспөй тургандыгын айтат, ал эми артынан караган адам дыйканчылык өнүгөт бирок бир дагы бак дарак жок, чакчайган күн гана тийип турарын айткан[6]. Бир сөз менен айтканда төртөө тең көргөн жагынын жакшы жана жаман жагын бир жактуу айтып келишкен. Ошондо акылман «Эми айткан ойлорунарды бириктирип бул имаратты бийиктиктен карап көргүлөчү»-деген. Алар бул имарат ойлонулуп, пландаштырылып салынганын, жакшы жашоого бардык шарты бар экендигине ынанышкан. Демек, мындан келип, балким биз дагы дистанттык окууну бир тараптуу эмес, бийиктиктен, келечектуу карасак кандай болот? Бүгүнкү информациялык-технологиялык доордо балким бизге билим алуунун ушул формасы да алтернативалык негизде керектир? Эгер чыныгы билим алгыбыз келсе, өз алдыбызча окуп, кредиттерди топтоп канчалык денгээлге жеткендигибизди өз көзүбүз менен көрүп жатбайбызбы [7]. Эң жакшы жагы сиздин билиминизди эч ким сиз өзүңүз баалагандай баалай албайт, кемите да, жогорлота да албайт, эч кимге көз каранды болбойсун. Ийгиликке жетүү үчүн окуу, изденүү жана эмгектенүү керек экендигин сезесиз. Жалпысынан алып карганда дистанттык билим берүү ыңгайлуу жана пайдалуу.

Азыркы илимий -техникалык тез өзгөруулөр кылымында, ар 72 саатта жаңы идеялар пайда болуп жаткан информациялык коомдо жашап жатып, ар кандай жанылыктарды да тез кабыл алып колдонуп, анын жыйынтыгын көрө билгенге үйрөнүшүбүз керек. Ар кандай жанылыктарды колдонуудан качпоо керек, ошондуктан дисстанттык окуунун да жакшы жактарын пайдалана билели. Балким кандайдыр убакыт өткөндөн кийин билим алуунун жаңы формалары чыгып, ал мындан да зор ийгиликтерди алып келер[8].

**Литературы:**


1. Абдуллаев С. Г. Оценка эффективности системы дистанционного обучения // Телекоммуникации и информатизация образования. – 2007. - N 3. - С. 85-92.
2. Аверченко Л. К. Дистанционная педагогика в обучении взрослых // Философия образования. - 2011. - № 6 (39). - С. 322-329.
3. Авраамов Ю. С. Практика формирования информационно-образовательной среды на основе дистанционных технологий // Телекоммуникации и информатизация образования. – 2004. - N 2. - С. 40-42.
4. Андрюшин В. Не выходя из дома: информационные технологии в современных системах обучения // Бухгалтер и компьютер. – 2005. - N 7. - С. 16-20.
5. Балашова Ю. В. Особенности личностного развития студентов при дневном и дистанционном обучении // Среднее профессиональное образование. - 2009. - N 6. - С. 74-75.
6. Боброва И. И. Методика использования электронных учебно-методических комплексов как способ перехода к дистанционному обучению // Информатика и образование. - 2009. - N 11. - С. 124-125.
7. Бочков В. Е. Учебно-методический комплекс как основа и элемент обеспечения качества дистанционного образования // Качество. Инновации. Образование. – 2004. - N 1. - С. 53-61.
8. Васильев В. Дистанционное обучение: деятельностный подход // Дистанционное и виртуальное обучение. – 2004. - N 2. - С. 6-7.
9. Генне О. В. Дистанционное обучение - новый шаг в развитии системы образований // Защита информации. Конфидент. – 2004. - N 3. - С. 36-39.

10. Гомулина Н. Н. Методика дистанционной формы обучения учителей физики на курсах повышения квалификации // Дистанционное и виртуальное обучение. - 2011. - N 10. - С. 50-61.
11. Гриневич Е. А. Методика дистанционного изучения информатики студентами экономических специальностей //Информатизация образования. - 2011. - N 1. - С. 36-44.
12. Громова Т. В. Формирование готовности преподавателя вуза к деятельности в системе дистанционного обучения. – М.: ТЕЗАРУС, 2006. - 32 с.
Свердловская ОУНБ; КХ; Формат Б; Инв. номер 2272737-КХ

**Рецензент: к. филол. н., доцент Сабитова Э. С.**